КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
I чакырылышынын кезексиз XV сессиясы

ТОКТОМ

2025-жылдын октябрь айынын 22и №124 **Темир айылы**

Семеновка айылындагы №17 «Ивушка» бала бакчасынын аталышына өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149-токтому менен бекитилген “Мамлекеттик маанидеги обьектилерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби” тууралуу жобого ылайык жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин “Маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, спорт, туризм жана жаштар саясаты, уюштуруу иштери, жалпыга маалымдоо каражаттары боюнча” туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 20-октябрындагы №5-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагына караштуу Семеновка айылындагы №17 «Ивушка» бала бакчасынын аталышы “Семеновка айылындагы “Аймончок” мектепке чейинки билим берүү уюму” мекемеси болуп өзгөртүлсүн.
2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.А. Молдакматовго милдеттендирилсин.

Төрага **А.А. Мамытов**

Жиберилди: Ин.кагаздарын-1, айыл өкмөткө-1, бала бакча-1, Обл.юст.-2.